Долбоор

**ӨЗБЕКСТАН РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭЛГЕ БИЛИМ БЕРҮҮ МИНИСТРЛИГИ**

**РЕСПУБЛИКАЛЫК БИЛИМ БЕРҮҮ БОРБОРУ**

**ФИЛОЛОГИЯ ПРЕДМЕТИНИН БЛОК МОДУЛУ БОЮНЧА ЖАЛПЫ ОРТО БИЛИМ БЕРҮҮЧҮ МЕКЕМЕЛЕРИ ҮЧҮН ОКУУ ПРОГРАММАСЫ**

**VIII КЛАСС**

# КЫРГЫЗ ТИЛИ

**ТАШКЕНТ -2018**

## ТҮШҮНҮК КАТ

**Кыргыз тилин окутуунун максаттары жана милдеттери**

Кыргыз тили кыргыз элинин улуттук тили, улуттук маданиятынын эң жогорку формасы катары мектептерде окутуунун төмөнкүдөй максаттары болууга тийиш:

окуучуларга кыргыз тилинин фонетикалык системасын, анын сөздүктөрү менен байлыгын, грамматикалык түзүлүшүн, орфографиялык жана орфоэпиялык нормалары менен эрежелерин теориялык негизде үйрөтүү;

кыргыз тилинин фонетика, лексика, морфология, синтаксис бөлүмдөрү тыгыз байланыштуу өтүлөт. Мында сөздөрдөн сүйлөм түзө билүү, сөздөрдүн жана сүйлөмдөрдүн өз ара байланышуу жолдорун өркүндөтүү, сөздөрдүн, сөз айкаштарынын, фразеологиялык айкаштардын сүйлөм ичинде ордун, аткарган синтаксистик кызматын билүү жана алар боюнча жүргүзүлгөн машыгуу иштери аркылуу окуучуларды текст түзүүгө алдын ала даярдоо;

байланыштуу кеп боюнча сабактарда окуучуларды ойду оозеки жана жазуу жүзүндө эркин, логикалык ырааттуулукта байланыштуу, сабаттуу туюнта билүүгө үйрөтүү; аларды кеп түшүнүктөрүн өздөштүрүүгө, текст түзүүгө жана өркүндөтө билүүгө машыктыруу;

өз ойлорун орфоэпиялык нормалардын негизинде туура, так айтууга, ар түрдүү стилдеги тексттерди көркөм окуй алууга үйрөтүү;

кептин, стилдин ар кандай түрлөрүнө мүнөздүү болгон тил каражаттарын бири-бирине айырмалай алууга, текст түзүүдө кетирилген кемчиликтерди таба билүүгө жана аларды түзөтүүнүн жолдору, ыкмаларын колдоно алууга машыктыруу жана аны калыптандыруу.

Кыргыз тили предмети негизинен өз ичине география, тарых, адабият, педагогика-психология, логика, этика, тил маданияты жана стилистика предметтерин өз ичине камтыйт.

Республикабызда окумуштуу Б. Блумдун таксаномиясы, “Кейс стади”ге негизделген окутуу технологиясы, тест технологиясы, “Бумеранг”, “3х4”, “БББ”, квест-сабактар, электрондуқ-виртуалдык сабақтар,аралыктан окутуу

ж.б сыяктуу заман талабына ылайык системаларды колдонуу усулдары аркылуу окуучуларга жогорку деңгээлде билим берүү бүгүнкү күндүн талабы болуп саналат. Окутуу технологиялары көптөгөн педагогикалык инновациялык иш тажрибалар, автордук мектептер менен биргеликте мугалимдердин көйгөйлөрүн талдоону жана системалаштырууну талап кылат.

Жалпы орто билим берүүнүн МБСнын таяныч окуу планында кыргыз тили окуу предметинен класстар боюнча окуу сааттары төмөндөгүдөй белгиленген:

| Класстар | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Жумасына | 5 | 4 | 3 | 3 | 3 | 1 | 1 |
| Жыл боюнча | 170 | 136 | 102 | 102 | 102 | 34 | 34 |

Аталган окуу программасы 2018– 2019-окуу жылында 11- класс,2019 – 2020-окуу жылында 6,7,10-класстарда баскычма- баскыч иш жүзүнө ашырылат.

**VIII КЛАСС**

**КЫРГЫЗ ТИЛИ**

**(102 саат)**

## V-VII класстарда өтүлгөндөрдү кайталоо

**(7 саат)**

Фонетика жана графика. Орфография. Сөздүн курамы жана сөз жасоо. Лексика жана фразеология . Морфология. Кыргыз адабий тилинин жергиликтүү диалектилер менен карым-катышы.

## Байланыштуу кеп

**(11 саат)**

Текст.Тексттин байланыштуулугу.Тексттеги сүйлөмдөрдү байланыштыруучу тышкы тил каражаттары. Маанилеш сөздөрдүн алмашуусу аркылуу байланышуу.Ой жүгүртүү. Ой жүгүртүү кебине талдоо жүргүзүү.

Кептин стилдери. Официалдуу - иштиктүү стиль.

## Синтаксис жана пунктуация . Сөз айкашы.
## Сөз айкашынын түрлөрү

**(12 саат)**

Сөз айкашында сөздөрдүн байланышуу жолдору. Ыкташуу. Таандык байланыш. Башкаруу. Сөз айкашын талдоо.

## Сүйлөм мүчөлөрү .Сүйлөмдүн баш мүчөлөрү

**(10 саат)**

Ээ, анын милдетин аткаруучу сөз түркүмдөрү. Ээнин түзүлүшү. Баяндооч, анын милдетин аткаруучу сөз түркүмдөрү. Баяндоочтун түзүлүшү. Баяндоочтун түрлөрү. Ээ менен баяндоочтун ортосуна сызыкчанын коюлушу. Сүйлөмдүн баш мүчөлөрүн талдоо.

**Сүйлөмдүн айкындооч мүчөлөрү**

**(16 саат)**

Аныктооч, анын милдетин аткаруучу сөз түркүмдөрү.Аныктоочтун түзүлүшү. Жандама мүчө. Толуктооч, анын милдетин атткаруучу сөз түркүмдөрү. Толуктоочтун түзүлүшү. Бышыктооч, анын милдетин аткаруучу сөз түркүмдөрү. Бышыктоочтун түзүлүшү. Бышыктоочтун түрлөрү.Сүйлөмдөгү сөздөрдүн орун тартиби. Сүйлөм мүчөлөрү боюнча талдоо жүргүзүү.

**Сүйлөмдүн бир өңчөй мүчөлөрү**

**(6 саат)**

Бир өңчөй мүчөлөрдүн байланышуу жолдору жана тыныш белгиси. Бир өңчөй мүчөлүү сүйлөмдөгү жалпылагыч сөз жана анын тыныш белгиси.

**Сүйлөм**

**(6 саат)**

Сүйлөмдүн грамматикалык түзүлүшү.Сүйлөмдөгү сөздөрдүн байланышы. Ээрчишүү.

**Жөнөкөй сүйлөмдүн түрлөрү.Эки тутумдуу сүйлөмдөр**

**( 5 саат)**

Жалаң жана жайылма сүйлөмдөр. Эки тутумдуу сүйлөмгө синтаксистик талдоо жүргүзүү.

**Бир тутумдуу сүйлөмдөр**

**(12 саат)**

Атама сүйлөм. Жактуу сүйлөм. Жаксыз сүйлөм. Бир тутумдуу сүйлөмгө синтаксистик талдоо жүргүзүү.Кемтик сүйлөм. Жөнөкөй сүйлөм боюнча синтаксистик талдоо жүргүзүү.

Темаларды үйрөнүү үчүн –85

VIII класста өздөштүргөндөрдү кайталоо –3 саат

Жыйынтыктоо – 2 саат

Текшерүү иши -12

## Кыргыз тили курсун тематикалык пландаштыруу

| № | Бөлүмдөр аты | Сааттар саны | | |
|---|---|---|---|---|
| | | жалпы | теориялык | практикалык |
| 1 | V-VII класстарда өтүлгөндөрдү кайталоо | 7 | 1 | |
| 2 | Байланыштуу кеп | 11 | 1 | |
| 3 | Синтаксис жана пунктуация .Сөз айкашы Сөз айкашынын түрлөрү | 12 | 1 | |
| 4 | Сүйлөм мүчөлөрү.Сүйлөмдүн баш мүчөлөрү | 10 | 2 | |
| 5 | Сүйлөмдүн айкындооч мүчөлөрү | 16 | 2 | |
| 6 | Сүйлөмдүн бир өңчөй мүчөлөрү | 6 | 1 | |
| 7 | Сүйлөм | 6 | 1 | |
| 8 | Жөнөкөй сүйлөмдүн түрлөрү.Эки тутумдуу сүйлөмдөр | 5 | 1 | |
| 9 | Бир тутумдуу сүйлөмдөр | 12 | 1 | |
| 10 | VIII класста өздөштүргөндөрдү кайталоо | 3 | 1 | |
| 11 | Жыйынтыктоо | 2 | | |
| 12 | Текшерүү иши | 12 | | |
| | Жалпы | 102 | 12 | |

**Пайдаланылган жана пайдаланууга сунушталып жаткан адабияттар:**

1. O‘zbekiston Respublikasining 1997 yil 29 avgustdagi “Ta'lim to‘g‘risida”gi qonuni.

2. O‘zbekiston Respublikasining 1997 yil 29 avgustdagi “Kadrlar tayyorlash milliy dasturi”.

3. O‘zbekiston Respublikasi Vazirlar Mahkamasining 2017 yil 15 martdagi “Umumiy o‘rta ta’lim to‘g‘risidagi Nizomni tasdiqlash haqida”gi 140-sonli qarori.

4. O‘zbekiston Respublikasi Vazirlar Mahkamasining 2017 yil 6 apreldagi “Umumiy o‘rta ta’lim va o‘rta maxsus, kasb-hunar ta’limining davlat ta’lim standartlarini tasdiqlash to‘g‘risida” gi 187-son qarori.

5.Абдуллаев .Э.Исаев.Д. Кыргыз орфографиясынын эрежелери, Б.2013.

6.Абдуллаев.Э.Исаев.Д. Иматов А.Турсунов А.Кыргыз тили , Б. 2016.

7. Абдуллаев.Э. Мукамбаев Ж. Кыргыз диалектологиясынын очерки,Б.2014.

8.Ахматов Т,Мукамбеов Ж,Азыркы кыргыз тили.Фонетика, Лексика,Б.2015.

9.Ахметов Т,Давлетов С,Сартбоев.К,Иманалиев.С, Тил илимине киришүү,Б.2012.

10. Ахметов.Т,Өмүралиев.С. Кыргыз тили (Фонетика,Лексика),Б.1990.

11.Бекбоев .И. Тимофеев.А.И. Сабактын оптималдуу вариантын даярдап өткөрүүнүн методикасы,Б. 2010

12.Давлетов.С,Кудайберганов.С, Азыркы кыргыз тили Морфологиясы,Б.2012

13.Давлетов С, Официалдуу иштиктүү стиль жана анын мектептерде окутуу,Б.2000

14.Дыйканов К. Кыргыз тилинин тарыхынан,Б.2005

15.Кыргыз тилинин таблицалары. Алматы 1990.

16.Кыргыз тилиндеги үндүүлөр, 2010.

**Жалпы орто билим берүүнүн Кыргыз тили предметинен окуу программасын иштеп чыгуу боюнча чыгармачылык топтун тизмеси**

| Т\н | Фамилиясы жана аты | Иш жайы жана кызмат орду | Колу |
|---|---|---|---|
| 1 | Темирова Махбуба Алибековна | Андижан мамлекеттик университети ф.ф.доценти | |
| 2 | Юнусалиева Абиба Анарбаевна | Республикалык билим берүү борборунун кыргыз тили методисти | |
| 3 | Тойчубаева Айсулуу Маматбековна | Андижан областы Хожаабад району 10-жалпы билим берүүчү мектеби кыргыз тили жана адабияты мугалими | |
| 4. | Уринбаева Шахзода Каюмовна | Ташкент областы Бөкө району 35-жалпы орто билим берүүчү мектебинин кыргыз тили жана адабияты мугалими | |
| 5 | Шерматова Гүлзада Эркиновна | Республикалык билим берүү борборунун кыргыз тили методисти | |